**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ
ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 31 – октябры № 30/110**

**2023-жылдын бюджетинин киреше бөлүгүн 9 айдын жыйынтыгы менен 10 млн сомго жана жергиликтүү бюджеттин атайын каражаттарын 500 мин сомго көбөйтүп берүү жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 17-октябрындагы № 59 протоколун жана Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 1-орун басары Ж.Курбановдун 2023-жылдын 16-октябрындагы № 01-8/1866 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаарынын 2023-жылга кабыл алынган жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн 11111100 салык агенти төлөөчү киреше салыгы 10000,0 мин сомго көбөйтүлүп, 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү 197955,2 мин сомго бекитилсин.

2. Кызыл-Кыя шаарынын 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин атайын каражаттарынын киреше бөлүгү 500,0 мин сомго, ошондой эле Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын атайын каражаттарынын чыгаша бөлүгү 500,0 миң сомго бекитилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** **Т.Алимбекова**